# Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

# “2020- жыл – Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылына” карата аткарылган тарбия иштери боюнча иш баян

2019-2020- окуу жылы

**Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “2020- жыл – Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылына” карата аткарылган тарбия иштери боюнча иш баян**

**2019-2020 окуу жылы**

Мектепте “2020- жыл – Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылына” карата план иштелип чыкты. Жыл бою план боюнча иш алып барылды.

Жыл ичинде адеп-ахлактык, жарандык, мекенчилдикке, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо, кеп маданияттуулукка, эстетикалык, эмгекке тарбиялоо максатында ар кыл темадагы класстык сааттар, аңгемелешүүлөр, тегерек столдор, таймаштар, сүрөт, дубал гезиттеринин көргөзмөлөрү өткөрүлүп турду.

Мектепте окуучулар арасында “Респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун алдын алуу” боюнча Ысык- Ата райондук билим берүү бөлүмүнүн 28.01.20-жылдагы чыгарылган №5 буйругунун негизинде төмөнкү иш чаралар өтүлдү.

Мектепте респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун алдын алуу максатында иш чаралардын планы түзүлүп, бекитилди.

Мектепте күн сайын саат 10.00дөн 15.00гө чейин окуучулардын сабакка катышуусуна мониторинг жүргүзүлүп, РООго маалымат берилип жатат. Окуучулардын сабакка катышуусу  орточо эсеп 89-90% келип жатышты.

Мектептин санитардык абалы дайыма көзөмөлдө. Хлор менен нымдуу тазалоолор дайыма жүрүп жатат.

Мектеп кызматкерлери жана окуучулары үчүн өздүк гигиенасын сактоо шарттары түзүлгөн (температуралык режими, колдуу жуу, тамактануу режими).

Мектепте ар бир кабатка, көрүнүктүү жерлерге респиратордук вирустук катуу инфекциялардан сактануу жана алдын алуу боюнча маалыматтар илинди.

Биринчи кабатка респиратордук вирустук катуу инфекциялардан сактануу жана алдын алуу боюнча маалыматтар камтылган бурч уюштурулду.

22.01.20-ж. бардык класстарда “Сасык тумоонун жана грипптин алдын алуу” деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. (1-11-кл.)

30.01.20-жылы биринчи сабакта бардык класстарда “Сасык тумоонун жана грипптин алдын алуу” деген темада  жат жазуу жаздырылды. (2-11-кл.)

29,30,31-январь күндөрү үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунан дарыгерлер келип, балдардын дене табы текшерилип, окуучулардын санитардык абалы каралды.

27.02.20-ж. бардык класстарга респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун,

короновирустун алдын алуу максатында видео роликтер көрсөтүлдү. (1-11-кл.)

03.03.20-ж. респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун жана короновирустун алдын алуу максатында ата-энелерге да маалыматтар берилди.

"Өздүк изоляция шартында жайкы мезгилде балдардын ден соолугун чыңдоо жана бош убактыларын пайдалуу өткөрүүсү боюнча онлайн видео-роликтердин сынагына да окуучулар активдүү катышып, өздөрүнүн спортко болгон кызыгууларын жана пайдасын көрсөтүштү.

8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата бир топ  иш чаралар өткөрүлдү.

3.03.20.- Башталгыч класстарда Реймер Л.П, Кириленко Л.П., Абайханова Л.А.,Лобаева З.Э.нын жоопкерчилиги астында "Апакемдин майрамы" аталышында майрам өткөрүлдү.

4-5.03.20.  - «Кана эмесе, кыздар» аталышында кыздар арасында  таймаш уюштурулду. Жооптуулар: Байрамукова С.Н., Бексадаева Г.Дж. Заболотько И.В. Воробьева Г.В.,Кыдыкова А.К., Акматова Б.К. Таймаш кызыктуу болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.

6.03.20.  - Мугалимдер үчүн майрамдык куттуктоо концерти уюштурулду. Жооптуу: Тыныстанова С.А.,Аманжолова И.К., Буйляшева А.С.

3-7.03.20.   -  8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата дубал гезит конкурсу өткөрүлдү. Жооптуу  мектептин парламенти.

11.03.20- "Буллинг- мектептеги зомбулуктун түрү катары"

Ар ай сайын кыздар кеңеши иштеп турду.

Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү аймактык тескөөчү Агаева Г. бат-баттан келип, аңгемелешүү, тегерек столдорду өткөрүп турду.

Зордук-зомбулуктун алдын алуу, кылмыштуулуктун алдын алуу максатында тематикалык линейкалар өткөрүлүп жатты.

Респиратордук вирустук катуу инфекцияларды, короновирусту, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун алдын алуу максатында  иш чаралар өткөрүлдү. Карантин учурунда окуучулар менен, ата-энелер менен тыгыз байланыш болуп, окуучуларга, ата-энелерге психологиялык жардамдар, класстык сааттар, аңгемелешүүлөр байма-бай өтүлдү.

05.02.20.- "Адам сатуу- 21- кылымдын кулчулугу" темасында  класстык сааттар өткөрүлдү. (1-11-кл.)

10-11-класстарынын окуучуларынын ортосунда "Кыргызстандын жаштары адам сатууга каршы" деген аталышта конкурс болуп, акыркы мезгилдерде  чет жакка чыгып жаткан кыргыз атуулдары кабылган ар кандай окуяларды чагылдырышып, сценкаларды жана кыска метраждуу тасмаларын көрсөтүшүп, активдүү катышышты. Окуучулардын аткарган иштери бааланып, байгелер менен сыйланышты.

1.02- 10-02.20-ж.  Орус тили жана кыргыз тили мугалимдеринин жетекчилиги астында Совет аскерлеринин Афганистандан чыгарылгандыгынын 30 жылдыгына карата сочинение жана рефераттар жазылды.

• 1.02-10.02.20-ж. 1-класстан 11-класска чейин Афган темасында сүрөттөр тартылып, илинди.

Ай ичинде Тимурчулар кыймылы жандандырылып, жардамга муктаж жарандарга жардам көрсөтүлдү.

05.02.20.- “Адам сатуу- 21- кылымдын кулчулугу” темасында класстык сааттар өткөрүлдү. (1-11-кл.) 10-11-класстарынын окуучуларынын ортосунда “Кыргызстандын жаштары адам сатууга каршы” деген аталышта конкурс болуп, акыркы мезгилдерде чет жакка чыгып жаткан кыргыз атуулдары кабылган ар кандай окуяларды чагылдырышып, сценкаларды жана кыска метраждуу тасмаларын көрсөтүшүп, активдүү катышышты. Окуучулардын аткарган иштери бааланып, байгелер менен сыйланышты.

Бул өтүлгөн иш чаралардын натыйжасында жылдагыга караганда окуучулар ортосунда пикир келишпестиктер, мушташтар дээрлик жокко эсе болду.

Айлык ичинде «Биз жашоонун сергек мүнөзун тандайбыз» деген чакырыктын астында 9-10-класстар арасында баскетбол жана волейбол боюнча таймаштар өткөрүлдү.

18.02.20. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында “Кана эмесе, балдар” аталышында 1-4-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.

19.02.20. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында “Кана эмесе, балдар” аталышында 5-6-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.

20.02.20. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында “Кана эмесе, балдар” аталышында 7-8-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.

•14-февралда мектепте Касымова М.А.нын жетекчилиги менен 7-б классынын окуучулары тарабынан монтаж даярдалып, линейка өткөрүлдү. Линейкада окуучуларга Афганистандагы согуштун келип чыгуу себептери, Кыргызстандан канча аскер барган, канчасы кайтпай калган жана башка ушул сыяктуу маалыматтар видео аркылуу көрсөтмөлүү берилди.

14.02.20 - 14-февралда Люксембург айылында жайгашкан Афган согушунан кайтпай калган жоокерлерге арналган эстеликтин жанында митинг өткөрүлүп, мектептин жогорку классынын окуучулары катышышты.

12-февралда Совет аскерлеринин Афганистандан чыгарылгандыгынын 30 жылдыгына карата 1-11-класска чейин «Афганистан… Сен дайым эсибиздесиң» деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.

07.02.20.- “Аскер ыры” аталышында кароо сынак төмөнкү темаларда өттү:

а) номинация «Песни военных лет»

б) номинация «Патриотические песни»

в) конкурс чтецов

г) сценка про героев ВОВ.

23-февраль- Мекенди коргоочулардын күнүнө карата көптөгөн иш чаралар өткөрүлдү.

19.02.20-ж. “Биз- келечектеги коргоочуларбыз” темасында бардык класстарда класстык сааттар өткөрүлдү. (1-11-кл.)
21.02.19. - Эркек балдар арасында дене тарбия мугалимдердин жетекчилиги астында “Кана эмесе, балдар” аталышында 9-11-класстар арасында мелдеш болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.
12-14.02.20-ж. «Мекеним үчүн бек турамын!» деген ураан менен дубал гезиттер сынагы өткөрүлдү.
26.02.20-ж. “Гендердик теңчилик” темасында класстык сааттар өткөрүлдү.
11-14.02.20-ж. – Тамекинин зыяндуулугу туурасында 8-11-классынын кыздары арасында кыздар кеңеши өткөрүлдү.

Улуттук атрибуттарыбыздын бири болгон Туунун күнүн белгилөө, Ак калпак күнү менен бирге өткөрүлдү.
25.02-01.03.20. - “Желбирей бер кылымдарга, Кыргызымдын желеги” деген темада жогорку класстын окуучулары дилбаян жазышты.
03.03.20. - “Мамлекеттик атрибуттарды канчалык денгээлде билесин?” деген суроонун негизинде викторина орто звенонун ортосунда өттү.

Кыргыздардын улуттук баш кийими бул - Ак калпак. Кыргыз калпагы - жашоо-тиричиликке ыңгайлуу, жайы күндөн сактаса, кышкысын суукта коргогон ыйык баш кийим. Ал эми, 2011-жылдын 5-мартынан тарта Кыргызстан боюнча Ак калпак күнү белгиленип келет. Дал ушул Ак калпак күнүнө карата мектепте «Асмандан жарык корсон жылдыз деп бил, ак калпак кийгендерди кыргыз деп бил» деген ураандын астында акция өткөрүлдү. Бул күнү окуучулардын бардыгы калпак кийип келишти.

05.03.20. - “Улут жүзү - Ак калпак” деген аталышта линейка өткөрүлдү. Жооптуу Мокеева Б.Ж. жана Дүйшөманбет кызы Н.
2-сабак менен 3-сабактын ортосундагы тыныгууда калпак кийген окуучу балдар алдын ала даярдалган флешмоб бийин бийлешип, кыргыздын ак калпагын даңазалашты. Бул күнү ар бир класста биринчи сабак ак калпак тууралуу кыскача маалымат жана ал тууралуу ырлар айтуу менен башталды.

Мектепте “Улут жүзү - Ак калпак” деген аталышта бурч уюштурулду.

Улуу Жеңиштин 75 жылдык маарекесине карата Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде иш-чаралар аралыктан (онлайн) өткөрүлдү.

- “Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгына арналган” иш чаралардын планы иштелип чыкты.
- Мектепте “Эч ким эч качан унутулбайт” деген бурч уюшурулду.
- 8-11-класстар арасында “Улуу Жеңишке 75 жыл” темасында окуучулар эссе жазышып, WhatsApp аркылуу жөнөтүлүп, кыргыз тили, орус тили мугалимдери текшеришип, жыйынтыгы чыгарылды.
- Окуучуларга “Өлбөс полк” эстафетасындагы окуучулардын өзүнүн чоң ата, чоң энесинин сүрөтүн көрсөтүп, эрдигин айтып берүүсү маалымдалып, окуучулар активдүү катышышты.
- Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгына арналган “Аталардын эрдигин даңктайбыз!” аттуу көркөм окуунун, аскердик-

патриоттук ырларды аткаруучулардын жана “Өлбөс полк” эстафетасынын онлайн фестиваль-сынагынын планы иштелип чыкты.

- Сынактын жобосу, уюштуруу тобу, калыстар тобунун курамы бекитилди.
- “Аппликация” сынагы өткөрүлдү. Окуучулар жасаган иштеринин сүрөт, видеосун WhatsApp аркылуу жөнөтүшүп, мыктылары райондук сынакка жөнөтүлдү.
- “Пластинография” сынагы өткөрүлдү. Окуучулар жасаган иштеринин сүрөт, видеосун WhatsApp аркылуу жөнөтүшүп, мыктылары райондук сынакка жөнөтүлдү.
- “Көркөм өнөр чеберчилиги” сынагы өткөрүлдү. Окуучулар жасаган иштеринин сүрөт, видеосун WhatsApp аркылуу жөнөтүшүп, мыктылары райондук сынакка жөнөтүлдү.
- Көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Сынакка бардык класстын окуучулары катышып, чыгармачылыгын видео аркылуу жөнөтүштү.

Класс жетекчилерге 6-майга интернет булактарынын ар кандай ресурстарын пайдалануу менен онлайн класстык сааттарды өткөрүү тапшырылды. Окуучулардын патриоттук сезимдерин ойготуу максатында кандуу согуштун тарыхы жөнүндө кеңири маалыматтар берилди. (1-11-кл.)

- Окуучулар онлайн жол аркылуу чоң атасынын эрдиктерин чагылдыруу максатында сүрөттөрдү кармап,”Өлбөс полк” жүрүшүнө чыгышты.
- Вокалдык жана музыкалык чыгармачылыгы боюнча да аралыктан сынак өткөрүлдү. Окуучулар патриоттук, жеңиш темасындагы ырларды аткарып жөнөтүшүп, мыктылары райондук сынакка жөнөтүлдү.
- “Аталардын эрдигин даңктайбыз” аталышындагы онлайн-фестивалга мектептин окуучулары активдүү катышышты.

  Сынакка көркөм окуу боюнча 19 слайд, патриоттук ырлар боюнча 4 слайд, Чоң аталарына арналган ырлардан 3 слайд, согуш тууралуу видео-роликтен 3, “Өлбөс полк” онлайн-эстафетага 17 окуучу катышты.

  Министрликтин Дипломант наамына 4-а классынын эки окуучусу ээ болду. Алар: Жакшылыков Кутман 3-даражадагы диплом жана Турдубаева Асема “дипломант” сыйлыгы менен сыйланды.

  Видео-слайддар менен коштолгон төмөнкүдөй класстык сааттар аралыктан класс жетекчилер тарабынан өткөрүлдү:

  11.04.20- “12-апрель- Космонавтика күнү” (1-11-кл.)

22.04.20- “Коронавирустун алдын алуу чаралары”, “Иммунитетти көтөрүү”,”Карантин учурунда достор менен соц тармактар аркылуу баарлашуу”, “Карантин учурунда өзүн алып жүрүү” класстык сааттар(1-11-кл.)

25.04.20 - “Чернобыль АЭСиндеги кыйроонун кесепеттери” деген темада класстык сааттар аралыктан өткөрүлдү.

Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде «Энелер кунун» белгилөө аралыктан класстык саат түрүндө өткөрүлдү.
Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “Акыркы конгуроо” салтанаты 30-майда онлайн форматында өткөрүлдү. Мектептин администрациясы жана мугалимдердин аракети менен видео-слайд жасалып, мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Байрамукова Патия Аубакировна экзаменге киргизүү боюнча буйрукту окуду. Бул күнү Ысык-Ата райондук ИИБ нун кызматкерлери тартипти көзөмөл кылып, күзөттө болушту.

Акыркы коңгуроо салтанаты тынч өттү, эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Мектеп администрациясы, класс жетекчилер менен биргеликте кечки саат 24.00 го чейин байланышта болушуп, көзөмөлдүк кылып турушту. Жыл ичинде “Мектеп формасы”,”Кечиккендер” рейддери жүргүзүлүп турду.

29.04.20- “Эмгектин, достуктун, тынчтыктын майрамы” жана ”Конституция- Мамлекеттин негизги мыйзамы” класстык саат (1-11-кл.)
13.05.20- “Апам- дүйнөдөгү эң кымбат, эң асыл адамым” класстык саат (1-11кл.)
27.05.20 – “Баланы тарбиялоодогу ата-эненин ролу”,”Баланын укугу”, “Бактылуу балалык” класстык сааттар (1-11-кл.) өткөрүлдү.

31-август Эгемендуулук кунуно карата Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде класс жетекчилердин даярдоосу менен видеоролик, слайддар жасалып, 1-11 класстарынын окуучуларына пандемияга байланыштуу аралыктан Ватсап аркылуу жиберилди. Эгемендуулук майрамы Кыргыз Республикасында олконун эн маанилуу, негизги майрамдардын бири. Бул кун биздин эркиндигибиздин,оз алдынчалыгыбыздын, олко катары, эл катары биримдигибиздин символу болуп саналаары, улуу урпактарыбыздын бизге берген баа жеткис белеги экендиги, Кыргызстаныбызды коздун карегиндей сактап, умутторун ишке ашыруу керектиги туурасында чагылдырылган видеоролик, слайддар окуучуларга аралыктан откорулду.

Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде 1-сентябрь Билим күнүнө карата өткөрүлгөн пандемияга байланыштуу жаны окуу жылынын башталышында 1-класстар гана салттуу режимде билим алышууда. Эртең мененки саат 7.40-8.00 го чейин дене табы текшерилип, колдорун дезинфекциялоо иши жургузулду. Окуучулар 2 сменге болуштурулуп, ар бир класста 15-16 дан шахмат турундо отургузулду. Биринчи окуу кунун “Менин суйуктуу Кыргызстаным” аталышындагы класстык саат отулуп, мектеп ичинде экскурсия жургузулду.

Мектепке жалпы 1240 окуучу кабыл алынып, анын ичинен 0 класска -50, 1-класска- 126 жаш бөбөктөр кабыл алынды.

1-класстык саат: 1-4-класстарда «Менин суйуктуу Кыргызстаным »,
5-11-класстарда ”Бактылуу уй-булоо - бактылуу коом” темасында класстык сааттар өтүлдү.

Окуучуларга окуу китептери таратылып берилип, сабактардын жүгүртмөсү менен окуучулар тааныштырылды.

Комуз кыргыз элинин салттуу маданиятында өзгөчө орунду ээлейт. Комуздун күүлөрү өзүнө философиялык ойлорду, жашоо-турмушту жана маданияттын өзгөчөлүгүн камтып, муундан-муунга өтүп, биздин күндөргө чейин жетти. Азыркы шарттарда комуздун жаңы маанисин ачуу керек, ал кыргызстандыктардын көп түрдүү маданиятындагы биримдиктин символу болууга тийиш. Кыргызстандын этностук коомчулуктарынын маданияттар аралык диалогун кеңейтүү үчүн салттуу музыканын ролун күчөтүү зарылдыгы максатында президентибиз С.Жээнбеков 9-сентябрды Комуз күнү деп жарыялады.

Президенттин жарлыгынын алкагында мектепте Комуз күнү белгиленди.

09.09. –Учурдагы абалга байланыштуу “Комуз күүсү- ар бир кыргызга дем, кайрат,күч берет” деген ураан алдында аралыктан сабактар өтүлдү.

09.09. – 8-11-класстардын окуучулар арасында “Комуз-улуттук сыймык” аталышында онлайн-флешмоб өткөрүлдү.

09.09. - Залкар комузчулардын сүрөттөрүнөн жана комуз тууралуу кызыктуу маалыматтар чагылдырылган мектепте көргөзмө-бурч уюштурулуп, сүрөттөрү окуучулардын группаларына жөнөтүлдү.

23.10.20-ж. “Ак илбирс - бийик тоолордун падышасы” аталышында иш чаралар аралыктан өткөрүлдү:

- “Ак илбирс - бийик тоолордун падышасы” темасынын астында сүрөт сынагы,
- “Ак илбирс - бийик тоолордун падышасы” бардык класстарда онлайн-класстык сааттар,
- “Ак илбирс - бийик тоолордун падышасы” аралыктан дилбаян сынагы өткөрүлүп, женуучулор жарыяланды.

Иш чарада жаратылыш көйгөйлөрү көтөрүлдү. Балдар жаратылышты коргоо жолдорун ортого салышты.

7-8-ноябрь күндөрү - Кыргызстанда тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү деп 2017-жылы жарыяланды. Мындай жарлыкка ошол кездеги Президент Алмазбек Атамбаев кол койду.

Анда кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндөгү мааниси зор болгон үч тарыхый окуяга басым жасалган. Бул күндөрү 1916-жылдагы окуя, 1917-

жылдагы Октябрь революциясы жана репрессияга кабылган кыргыздын чыгаан уулдары эскерилет.

Бул иш чара боюнча Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде окуучуларга аралыктан маалыматтар берилди.

«7-8-ноябрь - Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү» аталышында бардык класстарда онлайн класстык сааттар өткөрүлдү.

Кыргыз элинин таш карыткан өтө орчундуу учурлары, далай кыл чайнашкан кыйын кезеңдерден өтүп, бүгүнкү көз карандысыз мамлекет катары өз алдынча түндүк көтөрүп турган мезгилине чейинки окуялар класстык сааттарда чагылдырылды.

"1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк ЖИКС менен күрөшүү күнүнө карата " көптөгөн иштер жүргүзүлдү.

- "АИВ инфекциясынын жаңы учурлары жок. Дискриминация жок. ЖИКС кесепетинен өлүм жок"деген ураандын алкагында 1-декабрда Бүткүл Дүйнөлүк ЖИКС менен күрөшүү күнүн жана АИВ/ЖИКС менен күрөшүүнү активдештирүү боюнча бир айлыкты өткөрүү жөнүндө " буйругун ишке ашырууда Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде иш чара онлайн-флешмоб менен башталды.
- 20.11.20-жылга чейин окуучулар арасында "Биз ЖИКС ке каршыбыз!" деген темада онлайн- флешмоб өткөрүлдү.
- 2.12.20-ж.- «Бардыгы өзүңдүн колуңда» (ЖИКС чындыгы)темасында 1-11-класстарында онлайн - класстык сааттар өтүлдү.
- 1-9.12.20-ж. -"ЖИКС – 21-кылымдын чумасы!" темасында дубал газиттердин сынагы аралыктан өткөрүлөт.

"3-декабрь Бүткүл дүйнөлүк мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата " бир топ иштер жүргүзүлдү.
03.12.19-ж. -"Камкордук жана боорукердик» темасында дил баяндардын сынагы өткөрүлдү. Жыйынтыгы чыгарылып, женүүчүлөр сыйланды.
6.12.19-ж. -"Дүйнө кандай сулуу!" темасында сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү.
Ай ичинде Тимурчулар кыймылы жандандырылып, жардамга муктаж жарандарга жардам көрсөтүлдү.

Айлык ичинде мектептин окуучулары тарабынан чогултулган кийимдер, оюнчуктар, окуу куралдары муктаж болгон үй-бүлөлөлөргө берилди.

Айлык ичинде «Биз жашоонун сергек мүнөзүн тандайбыз» деген чакырыктын астында 9-10-класстар арасында баскетбол жана волейбол боюнча таймаштар өткөрүлдү.

4-декабрь «Манас» эпосунун кунуно карата «Манас» эпосунун училтигин сактоо, онуктуруу жана кенири таратуу жана ошондой эле кыргыз элинин улуттук каада салтын арттыруу, келечек муундун тархый ан-сезимин калыптандыруу максатында көптөгөн иштер жүргүзүлдү.

04.12.20-ж. - «Манас»  эпосун  мыкты  аткаруучу» аралыктан сынак өткөрүлдү. Жыйынтыгы чыгарылып, женүүчүлөр аныкталды.
1-6.12.20-ж. - «Манас»  дүйнөсү»  темасында онлайн сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү.
1-6.12.20-ж. - «Улутубуздун сыймыгы- улуу «Манас» темасында  дилбаян сынагы аралыктан өткөрүлдү.

Жаңы жыл майрамын өткөрүүдө төмөндөгүдөй иш чаралар жүргүзүлдү.

- Жаңы жыл майрамын өткөрүү боюнча план иштелип чыкты.
- 1-5-9-10-11-класстарда Жаңы жыл майрамына карата класстык сааттар өтүлдү.
- Аралыктан окуган класстарда онлайн  класстык сааттар өткөрүлдү.
- Коопсуздук техникасын сактоо жана өрт коопсуздугу боюнча ар бир класстарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мектеп директору: Тыныстанова С.А

ТИ б-ча  директордун орун басары: Орозбаева Ж.К.